# Темир Назаров

# Кыргызстаным

От болуп сүйүп жалындай,
Ошумду көрөмүн жанымдай,
Өрүкзарлуу Баткен — жергем менин,
Өмүргө бүткөн багымдай.
Ааламга берген Манасты,
Ардактайм асыл жер — Таласты.
Жаштыктын шаары — Жалал-Абад
Жаркырап гүлүн жаңы ачты.
Кайырма:
Мекеним менин Кыргызстан,
Өркүндөй бергин, өсө бер,
Канат кагып, күйүп-жанып
Кадырыңа жетемин!
Мекеним менин Кыргызстан,
Өркүндөй бергин, өсө бер,
Бактың үчүн билим-күчүм,
Баркыңа мен жетемин!
Ырыска толгон жер бети,
Ысык-Көл кыргыздын бермети,
Борборлордун арасынан,
Бишкекке жоктор жетери.
Өзүмдүн көрөм үйүмдөй,
Өзөн бир бар бекен Чүйүмдөй?
Көргөндө көркөм Нарынды
Көңүлүм койбойт сүйүнбөй.
Кайырма::